**УДК 334.012.64 (575.2)**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ ЧАКАН ИШКАНАЛАРДЫН МААНИСИ

***Сакиев Эсенбек**, к.э.н., доцент каф. «Менеджмент» Кыргызский государственный технический университет И. Раззакова, Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66. Индекс 720044.Тел.:0312561520 e-mail: esenbek 2017mail.ru*

**Аннотация**: Азыркы учурдагы Кыргызстандын экономикасына жана социалдык абалына чакан ишканалардын мааниси абдан чоң. Чакан ишканаларды уюштуруу эбегейсиз

көп акча жана башка каражаттарды талап кылбайт. Өлкөбүздөгү жумушсуздукту чечүүдө бир далай салымдары бар. Өздөрүнүн чарба иштерин, негизинен өздөрү бүтүрүгө мүмкүнчүлүктөрү көпчүлүк учурда болот.

**Негизги сөздөр:** экономика, ишкердик, өнөктөштүк, таза пайда, чыгымдар,салыктар.

## ЗНАЧЕНИЕ МАЛЫХ И СРЕДНИХ ПРЕДПРИЯТИЙ В ЭКОНОМИКЕ КЫРГЫСТАНА

***Сакиев Эсенбек**, к.э.н., доцент каф. «Менеджмент» Кыргызский государственный технический университет И. Раззакова, Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66. Индекс 720044.Тел.:0312561520 e-mail: esenbek 2017mail.ru*

**Аннотация:** В современных условиях для экономики и социальной жизни Кыргызстана значение малых и средних предприятий огромное. Не большие частные предприятия для их организации не требуют слишком много денежных и других вложений. Малые предприятия значимы в решении проблемы безработицы в стране. Они имеют возможности решать самим свои хозяйственные вопросы.

**Ключевые слова:** экономика, предпринимательство, партнерство, прибыль, затраты, налоги.

## THE IPORTANCE OF SMALL ENTERPRISES IN THE KYRGUZ ECONOMY

***Sakiyev Esenbek**, Ph. D., associate Professor of KAF. "Management" of the Kyrgyz state Technical University I named after I. Rastakovsky,Kirgiz Republic, Bishkek, PR. Aitmatov 66. Index 720044.Tel:0312561520 e-mail: esenbek 2017mail.ru*

**Abstract**: In modern conditions for the economy and social life of Kyrgyzstan, the importance of small and medium-sized enterprises is huge. Not large private enterprises for their organization do not require too much money and other investments. Small enterprises are important in solving the problem of unemployment in the country. They are able to solve their own economic issues.

**Keywords:** economy, entrepreneurship, partnership, profits, costs, taxes.

Азыркы кезде өлкөбүздүн экономикасы дагы, жашоо – тиричилик дагы сырткы мамлекеттерден ташып келинген сырьелордон, өндүрүш каражаттардан, азык - түлүк продуктылардан жана ошондой эле чет жактан алынган насыя же кайтарылбай турган акча каражаттардан көз каранды экени баарыбызга маалым.

Бюджетти жаратуучу ири компаниялардын баары тең чет өлкөлөрдүн технологияларынын, өндүрүшкө керектүү жабдууларынын жардамы менен иштеп жатышат.Ал компанияларда иштешкен адамдарыбыздын жалпы саны жарым миллиондун тегерегиндеги кишилер. Бүгүнкү күнгө жок дегенде 1(бир) миллионго жакын, түзүк маяна ала турган иш орундарын ачуу зарылдыгы турат.

Бул көйгөйдү, өлкөбүздөгү кичи жана орточо ишканалардын санын көбөйтүп, алардын ишинин сапатын заманбап ыкмалар менен арттырып, атаандашуучулукка туруштук бере турган продуктуларды ички жана тышкы рынокко чыгарып сатуу жолу менен чечүүнүн мезгили.

Негизинен айтканда, биринчиден акча – каражаттын тартыштыгы, экинчиден, чакан ишкананы уюштуруунун салыштырмалуу жеңилдиги, үчүнчүдөн жеке чарбаны (үй – бүлөөсү жана жакындарынын жардамы менен) башкаруунун оңтойлугу, ички каражаттарды

пайдаланууда, башкалардан көз карандылыктын жоктугу, биздин өлкөнүн экономикасында кичи жана орто ишканалардын басымдуулун айгинелейт. Өзгөчө жер тилкелеринин үлүшкө бөлүнүп кеткен айыл – чарбабызда ирилешкен, рынок шартына туура келген заманбап чарбалар пайда болмоюнча кичи жана орто чарбалардын мааниси өтө чоң болуп кала берет. Ошондуктан эл чарбасынын көпчүлүк тармактарында учурга шайкеш келген ийкемдүү ишканаларды жаратуу жана өнүктүрүү биздин коомдун, экономиканын башкы талабы.

Кыргызстандын рынок экономикасынын негизин тагыраак айтканда, жеке чарбалар, акционердик коомдор жана мамлекеттик ишканалар түзөт. Булардын баары биригип (өнөр жай, айыл чарба, соода кызмат көрсөтүп, унаа, байланыш тармактарынын) мисалга, 2017 жылы 7,11 млрд. америкалык долларга барабар болгон ИДП (ички дүң продукцияны) беришти. Бул деген биздин өлкөбүздүн бюджетине киши башына 250 – 300 доллар пайда алып келди дегенди түшүндүрөт. Бул өтө аз. [ ]

Экономикабыздын көбүнчө айыл - чарбасында түшүмдү, мал - чарбасынан продукция алуу аракеттери эски методикаларга таянган бойдон калып жатат. Мал чарбасында кээ бир жетишкендиктерге карабай (бодо малдардын көп сүт, эт бере турган породаларын колдонуу, өстүрүү) алардан алынган продукциялардын өздүк наркы жогорку деңгээлде кала берип жатат. Мындай жагдайдын уланып жатканын төмөнкүлөр менен түшүндүрсө болот. Биринчиден, керектөөчүлөр үчүн калыптанып калган азык - түлүктөргө болгон баалар ортомчулардын кийлигүүшүсү менен) төмөндөбөйт. Биздин чала түптөлгөн, өнүгө албай жаткан рынок мамилелеринин шартында жогорулап гана турушу мүмкүн. Бизде азыр чыгымды азайтып, кошумча пайданы алуу деген максаттуу ( заманбап) таймашуучулук жок. Монополиялык бааларга жең ичинен сүйлөшүүлөргө, майда-барат ишканаларды жабыркаткан атайын топтордун аракеттерине каршы турган закондорубуз жетишсиз, же жокко эсе. Бул жерде ачык эле айтып коеюн, ошол монополистердин көпчүлүгү парламентте, өкмөттүн курамында олтурушат.

Экинчиден, жердин асылдуулугун арттыра турган иш - аракеттердин аздыгы жаңы, түшүмдүү деген сорттор деле биз божомолдогон (үмүттөнгөн) түшүмдөрдү жалпысынан айтканда бере албай келишет. Айыл - чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүлүгү өтө арбындабаса, алардын өзүнө турган чыгымдары мурдагысындай кала берет да. Ал болбосо малды тоюттандырууга, бордоп – семиртүүгө кеткен чыгымдарды азайтпай көбөйүүсүнө алып келээрин айтпаса да түшүнүктүү экенин ким билбейт. Андыктан жерди асылдандыруунун, алардын жүз пайыз сугат жерине айландыруунун агро – техникалык, мелиорациялык (кичи – дыйкан чарбаларын камтыган) жолдорду колдонуу зарыл нерсе.

Азыркы кезде пайда болгон 60 – 70 миң, дыйкан (фермердик) жеке чарбалардын социальдык жактан эле пайдасы болбосо, экономикага көрүнүктүү салым кошуусуна жардамы аз болуп жатканынын себептеринин бири, когоруштуруп айдоонун толук кандуу эместиги, же, анын таптакыр эле болбогону. Ири чарбалар жаралмайынча жердин асылдуулугун кошумча чыгымдарсыз эле, башкача айтканда табигый жол менен баалуу топуракка айландырыш мүмкүн эмес.

Акыркы жылдары Республикабызда жана башка өлкөлөр убактылуу муктаж болгон продукциялар жакшыраак баада жыл ичинде сатылып калса эле, ошол продукцияны баарысы эле өндүрүп жатып калышат. Убактылуу болсо да, ал өсүмдүк кийинки жылы чыгымдарды актабаса да монокультурага айланууда.

Республикабыздын айыл – чарбасында, көбүнчө ушул жагдай орун алган шартта, майда (дыйкан) чарбаларын алардын өз ыктыярлары менен биригүүсүнүн укуктук негиздерин иштеп чыгып, мүмкүн болсо андай ирилешкен чарбаларга жеңилдетилген насыя акча каражаттарын берүү менен, абдан натыйжалуу иштей турган чакан техникалардын, продукцияларды кайра иштетүүчү технологиялардын өндүрүшкө кирүүсүн камсыз кылбаса болбойт.

Бүгүнкү күнү чакан, кичи жана орто ишканалардын өлкөбүздө социалдык жактан да, экономикалык жактан да мааниси эбегейсиз. Көбүнчө жеңил өнөр жайында, туризм тармагын

да, элге кызмат көрсөтүү жана соода тармагында жүз миңдеген ишканалар (кичи жана орто) иштеп жатышат.

Илгертен бери коомдун көңүлүнө "көк таштай" тийген экономикасы, жашоосу төмөн мамлекеттерде жумушсуздук деген көйгөй бар. Азыркы кезде биздин өлкөбүздөгү көйгөйлөрдүн бири жумушсуздук. Милиондун тегерегиндеги Кыргызстандык жарандар башка өлкөлөрдө иштешип, өздөрүнүн эле жанын бакпай, Ата – энесинин, туугандарынын жашоосу үчүн жыл сайын эки миллиардга жакын Америкалык долларды жөнөтүшүүдө.

Жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүүнүн, же жок дегенде мурунку деңгээлде кармап туруунун бирден бир жолу кичи жана орто ишканаларды уюштуруу болуп кала берет. Ошол кичи жана орто ишканалардын ичинен жыл мезгилинен акча көз каранды эмес, товарды, продукцияны өндүрүчү, же, чийки сырьену кайра иштетүүчү ишканалардын келечеги кең. Жумушсуздукту азайтуунун дагы бир жолу, бул өнөктөш компанияларды жаратуу экенин эстеп чыгарбашыбыз керек.

Биздин өлкөбүздө ата- мекендик ишкерлерибиздин бир- бирине ишенбөөчүлүк жогорку чектерге жетип турган кезде, чет өлкөлүк белдүү ишкерлер менен биргеликте ишти алып баруу өз натыйжаларын берет деген үмүттөбүз. Мисалга, жергиликтүү ишкерлерибиз, өзүнүн жерлерин өнөктөшүү капиталына салса, чет өлкөлүктөр акчасын, технологиясынын кошсо мындай бирикменин өмүрү, натыйжалуулугу, корголуусу жакшы деңгээлде болот го деп божомолдойбуз. Анткени, бул сыяктуу өнөктөш фирма ишкердикти уюштуруу биздин мекендешибиздин жана чет өлкөлүк жарандын ар тараптуу изилденген "бизнес пландын", долбоордун негизинде гана башталып, ишке киргизилет. Өздөрүнүн гана кызыкчылыгын көздөп ушул сыяктуу өнөктөш компаниялардын "ишине, капиталына" көз арткан адамдардын, кандайдыр бир тайпалардын тоскоолдуктары азаят. Анткени, мыйзам жактан көзөмөл ичтен да, сырттан да жүргүзүлүп калат. Ошондуктан, "өнөктөш фирмаларды" өнүктүрүү үчүн, алардын иштешине, корголуусуна тиешелүү мыйзамдардын иштешин камсыз кылыш керек. Эгерде, андай мыйзамдардын мүчүлүш жерлери болсо, оңдоого туура келет.

"Өнөктөш фирмалардын" саны өссө, өлкөбүзгө келүүчү инвестициялардын көлөмү, аларды пайдалануунун натыйжалары да жогорулайт да. Коомдук- социалдык көйгөйлөрдүн акырындап чечиле турганын айтпай эле коёюн, берки эле чет жактык фирмалардын иштешине болгон кээ бир жергиликтүү тургундарыбыздын туура эмес мамилелеринен арыла баштайбыз. Анткени, андай фирмалардын ээлеринин бири, өзүбүздүн жаранныбыз болот.

Ашыкча ички каржы каражаттарды, ошондой эле сырттан келүүчү насыя, же кайтарылып берилбей турган акча кара жаттарды өндүрүшкө жумшоо керек. Ушул багытты такай көздөсөк коомубуздун керектөөлөрүн, экономикабыздын башка мамлекеттерден көз карандылыгын акырындан болсо да, азайтканга мүмкүнчүлүк түзүлөт эле.

**Список использованной литературы:**

1.Кыргызстан в цифрах стат.сб. г.Бишкек 2017г. ГОСТ по интернету смотреть.